“Бекитемин”
К.И.Скрябин атындагы
КУАУнун илимий иштер боюнча
проректору, профессор У.А. Шергазиев
_____________________
«__» _______ 2025-ж.

**«Илимий-изилдөө, илимий-техникалык ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын ишке ашыруу актысы»**

1. **Ишке ашыруунун автору:** Бектурганова Бааркүл Шаршенбековна.
2. **Илимий-изилдөө иштеринин жана илимий-техникалык ишмердүүлүктүн жыйынтыктарынын аталышы:** «Соң-Көл өрөөнүнүн топурак жана суу биотопторунун микробдук ар түрдүүлүгү» темасындагы биология илимдеринин кандидат окумуштуулук даражасын изилдөөдөгү 03.02.03 – микробиология адистиги боюнча диссертация.
3. **Кыскача аннотация:** Кыргызстандын бийик тоолуу Соң-Көл өрөөнүнүн суук климаттык шарттарындагы топурак микроорганизмдеринин ар түрдүүлүгү, биомассасы жана экологиялык ролу изилденип, алардын ичинен антагонисттик активдүү штамм SK-6 *Streptomyces diastochromogenes,* Кыргызстандагы эң кеңири таралган күнөскана шартында өстүрүлгөн бадырандын козу карындык тамыр чирик оорусунун козгогучтары *Fusarium oxysporum, Fusarium redolens, Fusarium proliferatum, Fusarium sp.* жана *Rhizoctonia solani* ге сыналды. Көчөттөрдү антагонисттик *Streptomyces diastochromogenes* SK-6 $10^7$ жана $10^8$ спора/мл дозасын колдонуп инокуляциялоодон кийин, биринчи эле жумада тамыр чириктин белгилери байкалган эмес. Соң-Көл өрөөнүндөгү топурак жана суу микрооргизмдеринин биоэкологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөө алардын экосистемадагы ордун жана биотехнологиялык потенциалын аныктоо максатында илимий-практикалык мааниге ээ.
4. **Илимий ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын ишке ашыруунун таасири:** Топуракта сакталбайт, өсүмдүккө зыян келтирбейт, илдет козгогучтардын көнүп калуусун чакырбайт. Вегетация бардык мезгилинде колдонууга болот. Коопсуз биопрепарат катары колдонууга болот. Изилдөөнүн натыйжаларын айыл чарбасында, жогорку окуу жайларындагы “Биологиялык коопсуздук” органикалык жана туруктуу өндүрүш системаларын өнүктүрүүдө колдонмо катары мааниге ээ.
5. **Колдонуу жери жана убактысы:** К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Окуу-тажрыйба чарбасы, 2024-2025-окуу жылы, Сокулук району, Студенческое айылы, Комсомол көчөсү 66.
6. **Ишке киргизүүнүн формасы:** Изилдөөлөрдүн натыйжасында табылган жана сыноодон өткөрүлгөн *Streptomyces diastochromogenes*

SK-6 бактериялары активдүү биоконтролдук агенттер жана биоинокулянттар катары айыл чарбанын өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана өсүмдүк коргоо тармагында өсүмдүктөрдүн түшүмүн жогорулатуу, аларды илдет козгогучтардан биологиялык коргоодо жана топурактын күрдүүлүгүн артыруу максатында колдонууга сунушталат. Нукура, химиясыз, экологиялык жактан коопсуз жашылча, дан жана мөмө-жемиш азык-түлүктөрүн алууда чоң салым киргизет.

**Иштеп чыгууну ишке ашырган уюмдун өкүлү**

К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин окуу-тажрыйба чарбасынын директору — Э. А. Усенов

К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин “In vitro” илимий-өндүрүштүк лабораториясынын башчысы, биология илимдеринин кандидаты — Ч. А. Нурманов

Подпись Ч.А. Нурмановдун кол тамгасын тастыктайм заверяю.
Нач. отдела кадров
“10” июня 2025 г.